Date Printed: 11/18/2008

JTS Box Number: IFES_6

Tab Number: 46

Document Title: IFES, Republic of Kyrgyzstan, Final Project Report Annex, Oct 1, 1997-Sept

Document Date: 2002

Document Country: Kyrgyzstan

IFES ID: R01705

*EFA899B1-51B6-4D42-B92E-034F9CB0AB6E*

# INTERNATIONAL FOUNDATION FOR ELECTION SYSTEMS

## REPUBLIC OF KYRGYZSTAN

**Final Project Report**

October 1, 1997 – September 30, 2002

USAID Cooperative Agreement EE-A-00-97-00034-00

**Booklet "Guidelines for Candidates, Representatives, Trusted Persons and Observers," September 1999**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Эл аралык өнүгүү боюнча АКШнын агентствосу (ЮСАИД) каржылоочу Шайлоо тутумдарынын Эл аралык фондуна ушул китепчени даярдоого жана басып чыгарууга көрсөткөн жардамы үчүн алкышын айтат.

С. И. Иманбаев,
Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы

Көлөмү 1,25 б.т.
Нускасы 10000
«Сүрөт-Басма-Салону» ЖЧКоомунда
басылган тел. 66-48-60

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШИНДЕГИ ТАРТИП БУЗУУЛАР ЖАНА АЛ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК ЧАРАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

БИШКЕК-99

## МАЗМУНУ

КИРИШ СӨЗ ........ 4

ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖАРАНДЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИ ........ 5

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТИ БУЗУУЛАР ........ 6

ҮЙ-БҮЛӨ ҮЧҮН ДОБУШ БЕРҮҮ ........ 7

КӨП ИРЕТ ДОБУШ БЕРҮҮ ........ 8

ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН, БАЙКООЧУЛАРДЫН ЖАНА ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ........ 8

ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН БУРМАЛОО ........ 9

ДОБУШ ТАРДЫН БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН НАТУРА ЭСЕПТӨӨ ЖЕ БЕЛГИЛӨӨ ........ 10

ДОБУШ БЕРҮҮНҮН КУПУЯЛЫГЫН БУЗУУ ........ 11

ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ДОБУШТАРЫН САТЫП АЛУУ ........ 12

ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШИНЕ МЫЙЗАМСЫЗ КИЙЛИГИШҮҮ ........ 13

МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРБӨӨ ЖЕ ЖАРЫЯЛАБОО ........ 14

ТИРКЕМЕ ........ 15

АККРЕДИТАЦИЯЛАНГАН БАЙКООЧУЛАРДЫН РОЛУ ........ 17

ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАРДЫН РОЛУ ........ 18

## КИРИШ СӨЗ

Бул китепчеде добуш берүү күнү участкалык шайлоо комиссиясынын жарандык жоопкерчилиги, аккредитацияланган байкоочулардын жана ишенимдүү адамдардын ролу, ошондой эле добуш берүү күнү Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодексти мүмкүн болгон кыйла мүнөздүү бузуулар тууралуу кыскача баяндалат. Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодексти бузгандык үчүн жазалар саналып өткөн административдик жана кылмыш-жаза кодекстеринин статьяларына шилтемелердин киргизилиши да чоң мааниге ээ.

Китепчени Участкалык шайлоо комиссиялары үчүн колдонмого кошумча катары кароо керек. Колдонмо участкалык шайлоо комиссиялары үчүн иштөө жол-жоболорун майда-чүйдөсүнө чейин камтыйт.

Китепчеде мыйзамдык документтерге шилтемелер мыйзамдын главасын, статьясын жана параграфын көрсөтүү менен коштолот. Мисалы, 1-главага, 1-статьяга, 1-параграфка шилтеме мындайча: (I, 1, 1).



## ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖАРАНДЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Шайлоо учурунда шайлоо комиссиясынын кызматкери катары Сизге өтө маанилүү жоопкерчилик жүктөлөт. Шайлоону өткөрүүгө катышкан бардык адамдардын ичинен Сиз шайлоочулар менен тикелей мамиледе болосуз. Бүткүл шайлоо процессине шайлоочулардын ишенүүчүлүк деңгээли көбүнчө Сиздин өз милдетиңизди кандай аткара тургандыгыңызга жараша болмокчу.

Сизди шайлоо өткөрүү мезгилине чейин эле даярдагандан тартып, Сиздин негизги милдетиңиз бардык шайлоочуларга ак ниеттүүлүк менен бирдей мамиле жасашыңызда болуп саналарын унутпаңыз. Өз шайлоо бюллетениңизди купуя белгилеп, добуш берүү кутусуна түшүргөндөн тарта жеке саясий ой толгоолордон арылган болушуңуз керек.

Бул ыйык милдет. Сиздин ар бир аракетиңиз төмөнкүдөй маанилүү стандарттар менен мүнөздөлүүгө тийиш:

- Чынчылдык
- Бейтараптык
- Ачыктык
- Тыкандык

Өзүңүздүн шайлоо участкаңызда шайлоону өткөрүү учурунда ушул стандарттардан чыкпаңыз.

Аккредитацияланган байкоочулар жана ишенимдүү адамдар да шайлоо процессине катышуучулардан экенин түшүнүү зарыл. Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодексте шайлоо комиссияларынын да, ошондой эле аккредитацияланган байкоочулар менен ишенимдүү адамдардын да роль ойноору белгиленген.

Аккредитацияланган байкоочулар жана ишенимдүү адамдар шайлоо участкасынын иш-аракетинин бүткүл жүрүшүнө байкоо жүргүзүүгө укуктуу, бирок алар ишке кийлигишпейт, аларга участкада мүмкүн болушунча эркин жүрүүгө шарт түзүү керек. Аккредитацияланган байкоочуларга жана ишенимдүү адамдарга орунтук берүүгө болот, бирок аларды күн бою отура берүүгө мажбурлоо жарабайт. Шайлоонун жүрүшүнө көз салуу үчүн шайлоо

участкасынын аймагында кадыресе эле басып жүрүү ишке кийлигишүүчүлүккө жатпайт.

Эсиңиздерде болсун! Шайлоо процессинин бөлөк катышуучулары сыяктуу эле байкоочулар жана ишенимдүү адамдар да шайлоонун жүрүшү боюнча оболу участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына (ал жок болсо анын ордунда калган адамга) жана андан соң жогору турган шайлоо комиссияларына же сотко даттануу укугуна ээ. Андай даттануулардын келип чыкпашы үчүн шайлоо участкасынын кызматкерлери шайлоо жөнүндө Кодекстин бекилген эреже-тартиптерин жана талаптарын так сактоого тийиш.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 55-статьясында мындай деп айтылган:

"Жарандардын шайлоо укуктарын бузган чечимдерге жана аракеттерге (аракетсиздикке) даттануу менен шайлоочулар, талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, саясий партиялар, шайлоо блоктору, коомдук бирикмелер, шайлоочулардын чогулуштары, байкоочулар, ошондой эле шайлоо комиссиялары кайрыла алат".

Ар бир участкалык шайлоо комиссиясы кулактандыруулар жазылчу тактага:

- райондук жана областтык прокуратуранын;
- РОВД, ГОВД, ОВДнын;
- райондук жана областтык соттун адрестерин жана телефон номерлерин жазып коюга тийиш.

Ушул китепченин тиркемесинде аккредитацияланган байкоочулардын жана ишенимдүү адамдардын укуктары менен милдеттери толугураак саналып өткөн.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТИ БУЗУУЛАР

Бул бөлүмдө шайлоону өткөрүү күнүндө Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодексти көбүрөөк бузуулар саналып өткөн. Шайлоо комиссияларынын бардык кызматкерлери бул Кодекс талап кылган мыйзамдык эреже-тартиптерди так сактоого тийиш.



## ҮЙ-БҮЛӨ ҮЧҮН ДОБУШ БЕРҮҮ

Шайлоочуга толтуруу үчүн талап кылынгандагыдан көп шайлоо бюллетендери берилген учурда дал ушундай тартип бузуулар келип чыгат. Шайлоочу өзүнөн бөлөк үй-бүлө мүчөлөрү үчүн шайлоо бюллетендерин алууга жана толтурууга эч кандай укугу жок. Бул талап так аткарылууга тийиш. Эгерде шайлоочу шайлоо күнү бөлөк жакта болуп, шайлоо участкасына өзү келе албай турган болсо, анда ал тийиштүү шайлоо комиссиясына барып күн мурдатан добуш берүүгө тийиш. Шайлоо күнү добуш берүү үчүн көчмө кутучасы менен шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жиберүүнү өтүнүп кайрылууга болот. Эгер күн мурдатан добуш берилбесе, көчмө кутучанын жардамы менен добуш берүү өтүнүчү түшпөсө, ал эми шайлоочу жергиликтүү шайлоо участкасына өзү келе албаса, анда ошол шайлоочу үчүн эчкимдин шайлоо бюллетенин алууга жана толтурууга акысы жок.

Шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрүнүн келбей калган шайлоочу үчүн бөлөк шайлоочуга бюллетен беришине тыюу салынат.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 40-статьясынын 2-пунктунда: "Ар бир шайлоочу жеке өзү добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт" деп айтылган. Ал эми 57-статьяга ылайык "жарандарга шайлоо бюллетендерин башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча администрациялык жоопко тартылат".

## ЖАЗАЛОО

Кыргыз Республикасынын Администрациялык Кодексинин 57-статьясы (Добуш берүү үчүн жарандарга шайлоо бюллетендерин мыйзамсыз берүү) Шайлоо комиссиясынын мүчөсү жаранга шайлоо бюллетенин башка адам үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн берсе элүүдөн жүз эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндө айып акча төлөө жоопкерчилигине тартуу кылынат.

## КӨП ИРЕТ ДОБУШ БЕРҮҮ

Көп ирет добуш берүү шайлоо комиссиясынын мүчөсү же шайлоочу ашык бюллетендерди толтургандан келип чыгат. Өткөн кездерде көп ирет добуш берүүчүлүк добуш берүүчүлөрдүн санын апыртып көрсөтүү, көз будамайлоо жолу менен шайлоочулардын санын арттыруу же шайлоонун натыйжаларын бурмалоо үчүн жасалган. Ал эми Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндөгү жаңы Кодекс боюнча көп ирет добуш берүүчүлүк кайсы гана учурда болбосун мыйзамга жат деп эсептелет.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндөгү жаңы Кодекстин 40-статьясынын 2-пунктуна ылайык ар бир шайлоочу жеке өзү добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт. Ал эми 57-статьяга ылайык "жарандарга шайлоо бюллетендерин башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн берген адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча административдик жоопко тартылат".

### ЖАЗАЛОО

Кыргыз Республикасынын Административдик Кодексинин 57-статьясы (Добуш берүү үчүн жарандарга шайлоо бюллетендерин мыйзамсыз берүү).

Шайлоо комиссиясынын мүчөсү жаранга шайлоо бюллетенин башка адам үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн берсе элүүдөн жүз эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндө айып акча төлөө жоопкерчилигине учурайт.

## ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН, БАЙКООЧУЛАРДЫН ЖАНА ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекс шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарын жана байкоочулар менен ишенимдүү адамдардын укуктарын коргойт.

Кодекстин 9-статьясында шайлоо комиссияларынын түтүму айтылган, 15-статьяда участкалык шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктары жана ролу саналган, ал эми Кодекстин 16-статьясында шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн статусу көрсөтүлгөн.



Кодекстин 17-статьясы байкоочулардын, 29-статьясы ишенимдүү адамдардын укуктары менен ролу жөнүндө баяндайт. Байкоочулар менен ишенимдүү адамдардын ошол укуктары, ролу ушул китепченин 1-тиркемесинде да саналып өткөн.

Шайлоолор ачык-айкын, адилеттүү жана эркин болушу үчүн бардык катышуучулардын тең укуктары шайлоо процессинин бардык бөлөк катышуучулары тарабынан таанылууга, ардакталууга жана корголууга тийиш.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин өзү ошол укуктарды коргойт.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 57-статьясы Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын жана ишенимдүү адамдардын укуктарын бузуучу адамдар үчүн административдик жоопкерчиликти карайт.

### ЖАЗАЛОО

Кыргыз Республикасынын Административдик Кодексинин 50-статьясы (Шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, депутаттыкка талапкердин ишенимдүү адамынын, байкоочулардын укуктарын бузуу).

Шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, депутаттыкка талапкердин ишенимдүү адамынын, байкоочулардын укуктарын бузуучулук жарандар үчүн эң төмөнкү эмгек акынын бештен он эсеге чейинки, кызмат адамдары үчүн жыйырмадан элүү эсеге чейинки өлчөмүндө административдик айып акчага кириптер кылат.

## ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН БУРМАЛОО

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекс шайлоонун бүткүл процессинде тең документтерди пайдаланууну талап кылат. Мисалы, шайлоочулар шайлоо бюллетенин алуудан мурда шайлоочулардын тизмесинде жана шайлоо участкасында катталуу үчүн өзүнүн ким экенин тастыктоочу документи болууга тийиш. Шайлоо комиссиялары документтерди, алсак добуштарды эсептөөнүн натыйжалары көрсөтүлгөн протоколдорду түзүүгө милдеттүү.

Шайлоолор боюнча документтерди бурмалоо бардык адамдар үчүн, анын ичинде талапкерлер, талапкерлердин өкүлдөрү, талапкерлерди колдогон топ же бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү үчүн укукка жат аракет катары эсептелет.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 57-статьясына ылайык шайлоо документтерин оңдоп салган же билип туруп жалган документтерди түзгөн адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

## ЖАЗАЛОО

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 141-статьясы (Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо).

Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, билип туруп добуштарды натура эсептөө же билип туруп шайлоонун, референдумдун натыйжаларын натура аныктоо, добуш берүүнүн купуялыгын бузуу, - эгер бул аракеттер шайлоо комиссиясынын, демилгелүү топтун же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү тарабынан жасалса, - ал эң төмөнкү эмгек акынын беш жүздөн жети жүз эсеге чейинки өлчөмүндө айып акча төлөйт же болбосо төрт жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратылат.

## ДОБУШТАРДЫН ТАРДЫН НАТЫЙЖАЛАРЫН НАТУРА ЭСЕПТӨӨ ЖЕ БЕЛГИЛӨӨ

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин VIII бөлүгүндө (43-46-статьялары) протоколдорду түзүүнүн, шайлоонун натыйжаларын аныктоонун жана добуштарды эсептөөнүн тартиби көрсөтүлгөн. Кодексте ошол тартиптен кандайдыр бир четтөөчүлүк каралган эмес. Даярдалган протоколдор так жана анык болууга тийиш.

Участкалык шайлоо комиссиялары үчүн Колдонмонун IX бөлүгүндө (добуштарды эсептөө жана натыйжаларды кагазга түшүрүү) бюллетендерди эсептөө, добуш берүүнүн натыйжаларын



белгилөө жана протоколдорду түзүү (анын ичинде көпчүлүккө таанытыруу үчүн протоколду илүү) учурунда пайдаланууга тийиш болгон ыкмалар көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 57-статьясында билип туруп добуштарды натура эсептеген же шайлоонун натыйжаларын натура аныктаган адамдар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилиги каралганы белгиленген.

## ЖАЗАЛОО

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 141-статьясы (Добуштарды натура эсептөө).

Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, билип туруп добуштарды натура эсептөө же билип туруп шайлоонун, референдумдун натыйжаларын натура аныктоо, добуш берүүнүн купуялыгын бузуу, - эгер ушул аракеттер шайлоо комиссиясынын, демилгелүү топтун же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү тарабынан жасалса, - ал эң төмөнкү эмгек акынын беш жүздөн жети жүз эсеге чейинки өлчөмүндө айып акча төлөйт же болбосо төрт жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратылат.

## ДОБУШ БЕРҮҮНҮН КУПУЯЛЫГЫН БУЗУУ

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 40-статьясынын 7-пунктуна ылайык шайлоочу шайлоо бюллетенин атайын жабдылган кабинада, атайын жабдылган башка жерде толтурат, ал жерде бөлөк адамдын катышуусуна жол берилбейт. Кодекстин 40-статьясынын 9-пунктунда белгиленгендей, шайлоочу бюллетенди алгандыгы үчүн кол кое албаган учурда гана бөлөк адам добуш берүүчү кабинага же шайлоочу добуш берип жаткан жайга кириши мүмкүн. Ушул учурда гана шайлоочу бюллетенди толтурууда бөлөк шайлоочунун жардамынан пайдаланышы мүмкүн, бирок андай жардам шайлоо комиссиясынын мүчөсү, депутаттыкка талапкер, талапкердин ишенимдүү адамы же байкоочу тарабынан көрсөтүлүүгө тийиш эмес.

**ЖАЗАЛОО**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 141-статьясы (Добуш берүүнүн купуялыгын бузуу).

Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, билип туруп добуштарды натура эсептөө же билип туруп шайлоонун, референдумдун натыйжаларын натура аныктоо, добуш берүүнүн купуялыгын бузуу, - эгер ушул аракеттер шайлоо комиссиясынын, демилгелүү топтун же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү тарабынан жасалса, - ал эң төмөнкү эмгек акынын беш жүздөн жети жүз эсеге чейинки өлчөмүндө айып акча төлөйт же болбосо төрт жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратылат.

## ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ДОБУШТАРЫН САТЫП АЛУУ

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 2-статьясынын 1-пунктунда: Кыргыз Республикасында шайлоолор республиканын жаранынын өз шайлоо укугун эркин жана ыктыярдуу ишке ашырышына негизделет. Жарандын шайлоого катышуусуна же катышпасына, ошондой эле өз эркин ыктыярдуу билдиришине мажбурлоого эч кимдин укугу жок, деп баса белгиленген.

57-статьянын 1-пунктуна ылайык шайлоочулардын добуштарын сатып алган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

**ЖАЗАЛОО**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 140-статьясы (Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу).

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер жана мамлекеттик бөлөк шайланма органдарга талапкер материалдык керектүү нерселерди берүү же таратуу же болбосо кандайдыр бир кызмат орунун же бөлөк керектүү нерселерди алууга көмөк көрсөтүү жолу менен шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизип, шайлоочулардын добуштарын



сатып алса ал беш жүздөн бир миң эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндө айып акча төлөйт же эки жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратылат.

## ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШИНЕ МЫЙЗАМСЫЗ КИЙЛИГИШҮҮ

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 11-статьясынын 6-пунктунда участкалык шайлоо комиссияларын түзүү каралган. Кодекстин 15-статьясында участкалык шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктары менен милдеттери көрсөтүлгөн. Ал эми Кодекстин 16-статьясынын 1-пунктунда шайлоо комиссияларынын мүчөсү болууга укугу жок адамдар, алардын ичинде депутаттар, мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары саналып өткөн. 17-статьянын 1-пунктунда шайлоо комиссиялары өз иш-аракетин маалымдуулук жана ачык-айкындуулук менен жүргүзүүгө тийиш экени, шайлоо комиссияларынын чечимдери болсо 18-статьянын 1-пунктуна ылайык коллективдүү түрдө кабыл алынуу керектиги баса көрсөтүлгөн.

Кодекстин 9-статьясынын 4-пунктуна ылайык шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө өз ыйгарым укуктарынын чегинде мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көз карандысыз экендигин баса көрсөтө кетүү өтө маанилүү. Мамлекеттик бийлик органдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же болбосо алардын кызмат адамдарынын шайлоо комиссияларынын иш-аракетине ар кандай кийлигишүүсүнө жол берилбейт, демек ал укукка жат болуп саналат.

Кодекстин 57-статьясында шайлоо комиссиялары өз милдеттерин аткарып жаткан учурда алардын ишине кийлигишкен адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартыла тургандыгы каралган.

**ЖАЗАЛОО**

Кыргыз Республикасындагы Кылмыш-жаза кодексинин 139-статьясы (Шайлоо укуктарын ишке ашырууга же шайлоо комиссияларынын ишине жолтоолук кылуу).

1. Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун ишке ашырышына, ошондой эле шайлоо комиссияларынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын иштешине жолтолук кылуу элүүдөн жүз эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндө айып акча төлөөгө кириптер кылынат.

2. Ошол эле аракеттер:

- сатып алуу, алдоо, опузалоо же күч колдоном деп коркутуу менен коштолсо,
- өз кызмат абалынан пайдалануу менен кимдир бирөө аны жасаса,
- күн мурдатан сүйлөшүп алып бир топ адам тарабынан жасалса,
- атайын уюшкан топ тарабынан жасалса - анда эки жүздөн беш жүз эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндөгү айып акча төлөөгө же алты айга камакка алууга же болбосо беш жылга чейин эркинен ажыратууга алып келет.

## МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРБӨӨ ЖЕ ЖАРЫЯЛАБОО

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 48-статьясына ылайык бардык деңгээлдердеги шайлоо комиссиялары протоколдордогу маалыматтарды берүүгө же жарыялоого милдеттүү. Ошол эле 48-статьяда маалыматтар канча убакта жарыялануу керек экендиги жөнүндөгү мөөнөт да көрсөтүлгөн. Ал статья шайлоочуларга, депутаттыкка талапкерлерге, саясий партияларга, шайлоо блокторуна, ишенимдүү адамдарга, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө алардын талабы боюнча протоколдордун жыйынтыктары менен таанышуу укугун берет.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 17-статьясы 8 (е) байкоочуларга протоколдордун, тиркемелердин жана добуш берүүдө болгон адамдардын тизмесинин нускаларын алуу укугун берет. Байкоочунун өтүнүчү боюнча документтердин көчүрмөлөрүн берүүчү шайлоо комиссиясы ошол көчүрмөлөрдү күбөлөндүрүүгө да милдеттүү.

Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекстин 29-статьясынын 4-пункту ишенимдүү адамдарга шайлоо комиссиясынын протоколдору жана документтери менен таанышуу укугун берет.



Кодекстин 57-статьясында укук бузган, анын ичинде маалымат жана документтердин көчүрмөлөрүн алуу укугун бузган, добуш берүүнүн жыйынтыктарын бербеген же жарыялабаган адамдар үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча административдик жоопкерчилик каралган.

## ЖАЗАЛОО

Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 58-статьясы (Добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндөгү маалыматтарды бербөө же жарыялабоо).

Шайлоону (референдумду) өткөрүү боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Кыргыз Республикасынын жаранына же чет элдик (эл аралык) байкоочуга таанышуу үчүн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү маалыматтарды бербесе анда ал бештен он эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндө айып акча төлөөгө кириптер кылынат.

Ушул эле статьянын биринчи бөлүгүнө ылайык эгер округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы ошондой аракет жасаса анда ал он бештен жыйырма эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндөгү айып акча төлөөгө кириптер кылынат.

Бул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган ошол эле аракет Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы тарабынан жасалса, ошондой эле ал тарабынан шайлоонун (референдумдун) натыйжалары жөнүндөгү маалыматтарды жарыялоо мөөнөттөрү бузулса ал жыйырмадан элүү эсеге чейинки эң төмөнкү эмгек акы өлчөмүндө айып акча төлөөгө кириптер болот.

ТИРКЕМЕ

## АККРЕДИТАЦИЯЛАНГАН БАЙКООЧУЛАР ЖАНА ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАР

"Шайлоо комиссияларынын иш-аракети маалымдуу жана ачык-айкын жүргүзүлүүгө тийиш". (II, 17, 1).

Шайлоону өткөрүүдө ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн шайлоо жөнүндөгү Кодексте талапкерлерге, алардын ишенимдүү адамдарына, жогоруда турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, байкоочуларга жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө шайлоо күнүнө чейин жана шайлоо күнү ар түрдүү иш чараларына катышууга уруксат берүүчү жоболор каралган (II, 17, 2).

Партиянын жана талапкерлердин атынан иш жүргүзүү үчүн ишенимдүү адамдар каттоодон өтөт.

Аккредитацияланган байкоочулар чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын, Кыргызстандагы талапкерлердин, саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин жана шайлоочулар тобунун өкүлдөрү катары аракеттенет.

Ишенимдүү адамдардын жана аккредитацияланган байкоочулардын катышышы жана байкоо жүргүзүшү төмөнкүлөргө көмөк болот:

- шайлоо процессин коом, талапкерлер, саясий партиялар жана блоктор үчүн ачык жана маалымдуу кылууга, шайлоо процессинин өзүнө ишеним арттырууга;

- шайлоо процессинин маанисине жана ага ар бир шайлоочунун катышуу керектигине коомчулуктун шектенүүчүлүгүн жоюуга;

- шайлоочуларды коркутуп-үркүтүү, сатып алуу же алдоо өңдүү айла-амал колдонгон адамдарды токтотууга

- негизсиз же туура жолдон тайдыруучу сөздөрдүн пайда болуу мүмкүнчүлүгүн кыскартууга;

- байкоолор, отчеттор жана пикир айтуулар жолу менен маалымат берүүгө, аны пайдаланып шайлоо органдарынын кызматкерлеринин шайлоо процессине баа беришине жана келечек иштерди жакшыртышына көмөк көрсөтүүгө.



## КҮБӨЛҮКТӨР

Шайлоо комиссиясы ишенимдүү адамга күбөлүк берет (V, 29, 2).

Жергиликтүү байкоочуларда паспорт жана аларды жиберген уюм берген күбөлүк (анда анын фамилиясы, аты-жөнү, жашаган жери, ошондой эле шайлоо участкасынын номери, ал бара турган шайлоо комиссиясынын аталышы көрсөтүлүү тийиш) болуу керек. Байкоочу бара тургандыгы жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт (11, 17, 4 жана 7).

Эл аралык байкоочуларда Борбордук шайлоо комиссиясы берген күбөлүк болууга тийиш (II, 17,11).

## АККРЕДИТАЦИЯЛАНГАН БАЙКООЧУЛАРДЫН РОЛУ

Аккредитацияланган байкоочулар шайлоо участкасында ал ачылгандан тартып, добуштарды эсептегенге жана жыйынтык чыгарганга чейин болууга укуктуу (II, 17, 6 жана 7).

Аккредитацияланган байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- шайлоочулардын тизмеси менен таанышууга;

- добуш берүү күнү, жогоруда айтылгандай, добуш берилүүчү жайда болууга;

- добуш берилүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүлөрдү байкоого;

- жарандардын кошумча тизмеге киргизилишине, шайлоочуларга бюллетендердин берилишине, бюллетендердин жараксыз кылынышына байкоо жүргүзүүгө, шайлоочуларга берилген бюллетендерди эсептөөгө бюллетендин текстин окуй тургандай аралыктан көз салууга, добуштарды эсептөөнүн жүрүшүндө толтурулган жана толтурулбаган ар кандай бюллетень менен таанышууга, добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндөгү протоколдордун түзүлүшүн жана шайлоо комиссиялары түзгөн башка документтерди байкоого;

- байкоочулар бюллетендерди көрүп туруу үчүн добуштарды эсептеп жаткан комиссия мүчөлөрүнүн артында турушу же отурушу

мүмкүн же болбосо шайлоо комиссиясы добуштарды эсептеп жаткан столдун маңдайкы тарабында орун алышы ыктымал;

- шайлоо комиссиясынын иши тууралу шайлоо комиссиясынын төрагасына же анын ордундагы кишиге сын пикирин айтууга;

- каалосу боюнча протоколдордун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн алууга;

- шайлоо комиссиясынын аракети (аракетсиздиги) жөнүндө жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко даттанууга;

- добуштарды кайталап эсептөөгө катышууга (II, 17, 8).

**БАЙКООЧУЛАР ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ УКУКСУЗ:**

- бюллетендерди берүүгө;
- шайлоочу бюллетен алган учурда анын өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;
- шайлоочу үчүн бюллетенге белги коюуга;
- добуш берүүнүн купуялыгын бузууга;
- добуштарды эсептөөгө түздөн-түз катышууга;
- комиссиянын ишине кийлигишүүгө;
- шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;
- шайлоо комиссияларынын чечимдерди кабыл алышына катышууга (II, 17, 19).

## ИШЕНИМДҮҮ АДАМДАРДЫН РОЛУ

Ар бир талапкер, саясий партия жана шайлоо блогу шайлоо комиссиялары менен болгон мамилелерде өздөрүнүн таламдарын көздөөчү адамдарды дайындоого акылуу.

### Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

- шайлоо комиссияларынын жыйындарына катышууга;
- добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу учурунда шайлоо участкаларында, анын ичинде аскер бөлүктөрүндөгү участкаларда болууга;
- шайлоо комиссияларынын документтери, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколдор менен таанышууга;



- шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздиктерине) даттанууга жана даттанууларды, арыздарды караган учурда ага катышууга (V, 29,5).

### Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуксуз:

- шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүгө;
- добуш берилүүчү жайда бюллетен алгандыгы жөнүндө шайлоочу үчүн кол коюуга, ошондой эле бюллетенди толтурууга (V, 29, 6).

# IFES

As one of the world's premier democracy and governance assistance organizations, IFES provides needs-based, targeted, technical assistance designed and implemented through effective partnerships with donors and beneficiaries. Founded in 1987 as a nonpartisan, nonprofit organization, IFES has provided integrated, collaborative solutions in the areas of democratic institution building and participatory governance in more than 120 countries worldwide. IFES' Washington headquarters houses eighty-five employees specializing regionally in Africa, the Americas, Asia, the Middle East, and Europe, as well as functionally in rule of law, civil society, good governance, election administration, applied research, gender issues, public information technology solutions, and more. IFES' staff offers vast country-specific experience and facility in more than 30 languages. IFES employs an additional 120 people in twenty-five field locations.

IFES

MAKING DEMOCRACY WORK

INTERNATIONAL FOUNDATION FOR ELECTION SYSTEMS
1101 15th Street, N.W. • Third Floor
Washington D.C. 20005
202 • 828 • 8507 FAX 202 • 452 • 0804
www.ifes.org